ISSN 1694-7681

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*I. Daminova*
USE OF NATIONAL PEDAGOGY IN TEACHING AND EDUCATION AND STUDENTS OF THE PRIMARY CLASSES....57

*Жолдошова Б.А.*
«КРЕАТИВДҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮГҮНҮН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ....61
*Жолдошова Б.А.*
ЗНАЧЕНИЕ И СОДЕРЖАНИЕ ПОНЯТИЯ «КРЕАТИВНОСТЬ»....61
*B.A. Zholdoshova*
THE MEANING AND CONTENT OF THE CONCEPT «CREATIVITY»....61

*Маатазимова Г.Э.*
КЫРГЫЗ БАЛДАР АДАБИЯТЫН БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ КӨЙГӨЙҮНҮН ИЗИЛДЕНИШИНИН ТАРЫХЫ....65
*Маатазимова Г.Э.*
ИСТОРИЯ ИЗУЧЕНИЯ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ....65
*G.E. Maatazimova*
HISTORY OF LEARNING CHILDREN'S LITERATURE IN PRIMARY SCHOOL....65

*Айдаров А.Ж.*
КОМПЕТЕНТСИЗ КООМ – ЭКОЛОГИЯЛЫК КРИЗИСТИН НЕГИЗИ....69
*Айдаров А.Ж.*
НЕКОМПЕТЕНТНОЕ ОБЩЕСТВО – ОСНОВА ЭКОЛОГИЧЕСКОГО КРИЗИСА....69
*A.Zh. Aydarov*
AN INCOMPETENT SOCIETY IS THE FOUNDATION ECOLOGICAL CRISIS....69

*Досматова Г.Ж.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ....73
*Досматова Г.Ж.*
ОБУЧЕНИЕ ЭПИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ НА УРОКЕ «ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ» В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ....73
*G.J. Dosmatova*
TEACHING EPIC WORKS IN THE CLASSROOM «LITERARY READING» IN THE ELEMENTARY GRADES....73

*Сакиева С.С.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ХРЕСТОМАТИЯЛАРЫ: ТЕОРИЯ ЖАНА ТАЖРЫЙБА....77
*Сакиева С.С.*
ХРЕСТОМАТИИ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ: ТЕОРИЯ И ОПЫТ....77
*S.S. Sakieva*
PRIMARY SCHOOL ANTHOLOGIES: THEORY AND EXPERIENCE....77

*Мадраимов С., Казканова Ч.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МАТЕМАТИКАСЫ БОЮНЧА ОКУУЧУЛАРДЫН ЛОГИКАЛЫК ОЙЛООСУН ӨСТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ....81
*Мадраимов С., Казканова Ч.*
О НЕКОТОРЫХ СРЕДСТВАХ РАЗВИТИЯ ЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ ПО МАТЕМАТИКЕ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ....81
*S. Madraimov, Ch. Kazkanova*
ON SOME MEANS OF DEVELOPMENT LOGICAL THINKING IN MATHEMATICS PRIMARY SCHOOL STUDENTS....81

*Айдарова Ж.М.*
ОКУУЧУЛАРДЫН КУРАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ....87
*Айдарова Ж.М.*
ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ВОЗРАСТНОГО РАЗВИТИЯ УЧАЩИХСЯ....87
*J.M. Aidarova*
PEDAGOGICAL CHARACTERISTICS OF AGE DEVELOPMENT OF PUPILS....87

*Нишанбаева М.А.*
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК АБАЛЫНА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ....91
*Нишанбаева М.А.*
АНАЛИЗ СОСТОЯНИЯ ТЕОРИИ И ПРАКТИКИ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ДОШКОЛЬНЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ КЫРГЫЗСТАНА....91
*M.A. Nishanbaeva*
ANALYSIS OF THE CONDITION OF THEORY AND PRACTICE OF ECOLOGICAL EDUCATION IN PRESCHOOL EDUCATIONAL INSTITUTIONS OF KYRGYZSTAN....91

*Омуралиева Г.К., Карыбекова Р.О.*
КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭПОСТОРУ, САЛТТАРЫ, МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯНЫН ЭЛДИК КАРАЖАТТАРЫ....94

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
...бекова Дж.Ж.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2019

*Айдарова Ж.М.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН КУРАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

*Айдарова Ж.М.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ВОЗРАСТНОГО РАЗВИТИЯ УЧАЩИХСЯ

*J.M. Aidarova*

# PEDAGOGICAL CHARACTERISTICS OF AGE DEVELOPMENT OF PUPILS

УДК:37.04-053

*Адамдын психикасынын өнүгүүсү, психикалык процесстердин (туюу, кабыл алуу, эс, ой ж.б.) өзгөчөлүгү, инсандын калыптаныш шарты жаш курагына ылайык аныкталат. Адамдын аң-сезиминин өнүгүүсүнүн жалпы закон ченемдүүлүгүнүн эске алуу окуу-тарбия процессинин маанилүү аспектиси. Жаш курактык өзгөчөлүк маселеси педагогиканын классиктеринин эмгектеринде кеңири каралган. Макалада Я.А. Коменский, Ж.Ж. Руссо, Ж. Пиаженин балдардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүнө арналган эмгектери талданып, алардын окуу-тарбиялоо, өнүгүү процессиндеги ролуна баа берилди. Курактык өзгөчөлүктөрдү талдоо изилдөөбүздүн негизги объектисине кеңири мүнөздөмө берүү милдетин аткарат. Педагогикалык булактар жана адабияттарда курактык мезгилге бөлүштүрүү – бул маанилүү экендиги белгиленет. Эгерде ар бир куракта окуучу таанып билүү кубанычын сезбесе, окуу билгичтигине ээ болбосо, дос болууга үйрөнбөсө, өзүнүн жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ишенимдүүлүк жок болсо, анда кийин ага ушунун баарын жасоого татаалыраак болот жана бийик руханий жана физикалык күчтү талап кылат.*

***Негизги сөздөр:*** *жаш курактык өзгөчөлүк, психикалык өнүгүү, мезгилдерге бөлүштүрүү, курак, ой жүгүртүүнүн өсүү баскычтары, логикалык ой жүгүртүү, абстракттуу ой жүгүртүү, өспүрүм курак, карама-каршылыктар, өспүрүм курактагы карама-каршылыктар.*

*Развитие психики человека, особенности психических процессов (ощущения, восприятие, память, мышление и т.д.) условие формирование личности определяется возрастными особенностями. Учет закономерностей развития сознания человека является важным аспектом учебно-воспитательного процесса. Вопрос о возрастных особенностей учащихся широко рассматривался в трудах классиков-педагогов. В статье были проанализированы труды Я.А.Коменского, Ж.Ж.Руссо, Ж.Пиаже, посвященные возрастным особенностям детей, была дана оценка их роли в процессе обучения, воспитания, развития. Анализ возрастных особенностей решает следующую задачу нашего исследования: широко охарактеризовать основной объект исследования. Педагогическая литература и источники отмечают важность разделения на возрастные периоды. Если в каждом возрасте ученик не испытывает познавательную радость, не имеет умения читать, не научился дружить, если нет уверенности в своих способностях и возможностях, тогда в последующем сделать все это будет намного сложнее и потребует высокой нравственной и физической силы.*

***Ключевые слова:*** *возрастные особенности, психическое развитие, возрастная периодизация, возраст, стадии развития мышления, логическое мышление, абстрактное мышление, подростковый возраст, противоречия, противоречия в подростковом возрасте.*

*The development of the human psyche features of mental processes (sensations, perception, memory, thinking, etc.) condition the formation of personality is determined by age characteristics. Accounting for the development of human consciousness is an important aspect of the educational process. The question of the age characteristics of students was widely considered in the works of classic teachers. The article analyzed the works of Ya.A.Komensky, J.-J.Rousseau, J.Piaget, devoted to the age characteristics of children, assessed their role in the process of education, upbringing and development. Analysis of age characteristics solves the following problem of our research: to characterize widely the main object of research. Pedagogical literature and sources note the importance of the division into age periods. If at each age a student does not experience cognitive joy, does not have the ability to read, has not learned to be friends, if there is no confidence in his abilities and capabilities, then in the future it will be much more difficult to do all this and will require high moral and physical strength.*

***Key words:*** *age characteristics, mental development, age periodization, age, stages and development of thinking, logical thinking, abstract thinking, adolescence, contradictions, contradictions in adolescence.*

Адамдын жашоосун мезгилдерге бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү өнүгүүнүн өзгөчө мыйзам ченемдүүлүгүнө баш ийип, тарыхый мүнөзгө ээ жана бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу. Адамдын жаш курагына жараша психиканын өнүгүү закон ченемдүүлүктөрү Л.С.Выготский, С. Рубинштейн, Л.Н. Леонтьев, Вамек, Шв... жана башка психологдордун илимий

Копия верна.
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



изилдөөлөрүндө талданган. Адамдын психикасынын өнүгүүсү, психикалык процесстердин (туюу, кабыл алуу, эс, ой ж.б.) өзгөчөлүгү, инсандын калыптаныш шарты жаш курагына ылайык аныкталат.

Педагогикалык адабияттарда белгилегендей байыркы грektер адамдын жашоосун 7 жаштан 10 мезгилге бөлүштүрсө, римдиктер жашоонун 5 баскычынын ар биринде 13-15 жашты бөлүп карашкан. Мисалы, Аристотель баланын өсүшүнө болгон көз карашынын негизинде тарбиялоону жашка карата мезгилдерге бөлүүгө аракет кылган. Аристотель өсүп келе жаткан балдардын өмүрүн 3 мезгилге бөлгөн:

1. Төрөлгөндөн 7 жашка чейин
2. 7 ден 14 жашка чейин (бойго жеткен)
3. Бойго жеткенден 21 жашка чейин.

7 жашка чейин балдар үй-бүлөдө тарбияланат. Аристотель үй-бүлөдө кандай тарбия берүү керектиги жөнүндө сунуштарды айткан: балага жаш өзгөчөлүгүнө жараша тамак берүү, кыймылынын гигиеналуу болушу жана башка ушул сыяктуу. Аристотель да Платон сыяктуу балдарды мамлекет тарбиялашын жактаган, 7 жашынан баштап бала мамлекеттик мектепке барууга тийиш деген [1, 387].

Окутуу белгилүүдөн белгисизге, жеңилден оорго, жалпыдан жекеге кетиши керек деген дидактикалык принциптерди аныктап, Я.А.Коменский мектептин 3 баскычын баса көрсөткөн:

1. Эне мектеби-баланын балалык кези, үй-бүлөдөгү мектепке чейинки тарбия (төрөлгөндөн 6 жашка чейин)

2. Жөнөкөй (элементардык) мектеп-өспүрүм курак (6-12 жаш), эне тил мектебинен окуу.

3. Академия – жетилүү курак (18-24) саякат, дин, илим, медицинаны билүү [2, 256].

1965-жылы Москвада балдардын курагын мезгилдерге бөлүштүрүү боюнча өткөрүлгөн эл аралык симпозиумда төмөндөгүдөй мезгилдер кабыл алынган.

*1-таблица*

**Курактарды мезгилге бөлүштүрүү**

| Курак | Мезгил |
|---|---|
| Жаңы төрөлгөн бала | 1 – 10 күн |
| Эмгектеги курак | 10 күн 1 жаш |
| Эрте жаш курак | 1 – 2 жаш |
| Балалыктын биринчи курагы | 3 – 7 жаш |
| Балалыктын экинчи курагы | 8 – 12 жаш |
| Өспүрүм курак | 13 – 16 жаш |
| Жаштык курак | 15 – 20 жаш |

Ушундай эле маселенин үстүнөн психологдор дагы изилдеп келишкен. Бирден бир белгилүү мезгилдерге бөлүштүрүү Э.Эриксонго тиешелүү. Мындай курагы боюнча бөлүштүрүү психиканын өнүгүү өзгөчөлүгүн ачпастан, анын айрым жактары жаратылыштын өзгөчөлүгүнө же адамдын жүрүм-турумуна ылайык салыштырмалуу түшүндүрүлөт. Курагы боюнча мезгилдерге бөлүштүрүү адамдын иш-аракетине, жашына жараша мүнөздөлөт, турмуштагы фактылар негизги мааниге ээ болот [3, 162].

*2-таблица*

**Э.Эриксондун өнүгүү баскычтары**

| Курак | Мезгил |
|---|---|
| Эрте бөбөк жашы | Төрөлгөндөн 1 жашка чейин |
| Бөбөк жашы | 1 жаштан 3 жашка чейин |
| Эрте балалык | 3–5 жаш |
| Орто балалык | 5–11 жашка чейин |
| Акыркы балалык курагы | 11–13 жаш |
| Өспүрүм курак | 14–17 жаш |
| Жаштык курак | 15–18 жаш |

Адамдын аң-сезиминин өнүгүүсүнүн жалпы закон ченемдүүлүгүнүн эске алуу окуу-тарбия процессинин маанилүү аспектиси. Баланын психикасынын өнүгүү шартын, өзгөрүү өзгөчөлүгүн түшүнүүдө жаш курак психологиясынын жетишкендиктери маанилүү орунга ээ. Мисалы, бир жашар бөбөк заттар менен аракеттенсе, үч жашар бала заттардын аспаптык маанисин өздөштүрөт, мектеп жашына чейинки бала иш-аракетин мазмунун түшүнүп, максаттуу аракеттенсе, чоң адамдар иш-аракетинде акыл аракетин аң-сезимдүү багыттап жөнгө салышат. Эске тутуу процессинде, баланын акыл аракеттеринде да өзгөчөлүк белгиленет. Мектеп жашка чейин баланын эске сактоосунда образдуулук үстөмдүк кылса, ал эми жашы улуу адамдарга тез унутуу тиешелүү, өспүрүмдөр жолдоштору менен татаал мамилелердин системасында болсо, жашы улуу адамдардын мамиле түзүү чөйрөсү азайа баштайт.

Француз агартуучусу жана философ Ж.Ж.Руссо өзүнүн тарбиялануучуларынын өмүрүн төрт куракка бөлгөн. Биринчи курак төрөлгөндөн эки жашка чейин. Бул мезгилде көңүлдүн борборунда балага дене (физикалык) тарбия берүү керек. Экинчи курак 2 жаштан 12 жашка чейин, Руссонун айтуусу боюнча, «акылдын ойгоно элек» мезгили, бул учурда бала логикалык ой-жүгүрткөндү билбейт, негизинен «сырткы сезимин» өнүктүрүү керек, өзүнчө жол табуу үчүн күч топтолот. Үчүнчү курак 12 жаштан 15 жашка чейин, бул учурда акыл тарбиясы кеңири берилет, баланын акыл талабы толугу менен канааттандырылат. Төртүнчү курак «толкундан учуп турган учуру» – 15 жаштан эр жеткенге чейинки мезгил, бул учурда артыкчылык нравалык тарбияга берилет.

Ж.Ж. Руссонун баланын жаш өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү ойлору анын өзүнүн тарбия табиятка окшошуу керек деген көз карашына ылайык келет жана ал ар бир жаш куракты бири-бири менен байланыш-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



турат. Мына, биринчи куракта негизгиси дене (физикалык) тарбия, ал баланын дене-боюн өстүрөт, экинчи куракта биринчи орунда сезим органдарын тарбиялоо турат, ал акыл тарбиясын берүүнүн өбөлгөсү, акыл тарбиясы үчүнчү куракттын негизгиси. Руссо ойлонууга үйрөнүү үчүн мүчөлөрдү, сезимди, органдарды машыктыруу керек, анткени алар биздин акылыбыздын куралы деген. Үчүнчү куракта баланын күчү керегинен ашык болот, ашык күч билим алууга жумшалат. Төртүнчү куракта, кумарлануусу ойгонот, мурдагылардын негизинде моралдык тарбиялоо алдыга чыгат. Руссо адам табиятын терең билүүгө жана анын өсүшүнүн өзгөчөлүгүн ачууга тырышкан. Ошондой болсо да ал баланын өсүү мыйзамдарын туура айта алган эмес. Анын 2 жаштан 12 жашка чейин балада логикалык ой жүгүртүү болбойт дегени жана ошондой эле ушул куракттагы балага нравалык тарбия түшүнүксүз дегени туура эмес. Табигый тарбия көз карашын жактаган Ж.Ж.Руссо өсүүнү тарбиядан так ажырата алган эмес, ошон үчүн тарбиялоо процессин биологиялаштырып жиберген. Бирок маанилүүсү – баланы тарбиялоодо анын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу керегин бөтөнчө белгилегендиги. Ошондой эле ар бир бала турмушка өзүнчө темпераменти менен келет, мүнөзү, жөндөмдүүлүгү темпераментине жараша болот, аны өзгөртүү, жоюу, же өнүктүрүү, өркүндөтүү керек деген көз карашы маанилүү. Ал тарбиянын бир түрдүүлүгүнө, трафаретке каршы чыккан. Тарбиячынын милдети баланын жаш өзгөчөлүгүн жакшы билүү, анын жекече шыгын жана жөндөмдүүлүгүн терең үйрөнүү [4, 665].

Ал эми швед окумуштуусу Ж.Пиаженин негизги салымы болуп балдардын ой-жүгүртүүсүнүн өсүү баскычтарын (стадия) аныктоо, бөлүү жана топтоо эсептелет. Ж.Пиаженин изилдөөсүнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй ойлорду сунуштаган: 18 айдан 7-8 жашка чейинки балдар кичине болуп логикалык ой жүгүртө алышпайт. Алар сүйлөшүү тилин колдонушат, жөнөкөй ыкмаларды алышат, өздөрүнүн кээ бир каталарын түшүнүшөт, элестетүү жөндөмдөрү бар, бир нерсени экинчи нерсенин ордуна кабыл алышат, чоң кишилердин аракеттерин туурашат. Логикалык ой жүгүртүү 7-12 жаштан башталат. Бул куракта балдар жөнөкөй тапшырмаларды аткаруу, предметтерди топтоо, классификациялоо менен логикалык түрдө ой жүгүртө алышат. Узундук, салмак жана башка өлчөө бирдиктери кантип бири-бири менен айкалышарын түшүнүшөт, себептер жана алардын келип чыгуулары жөнүндө ойлоно алышат, көргөндөрүн салыштыруу менен байланышкан аракеттерге катыша алышат. Балдардын сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрү калыптанат.

Абстрактуу ой жүгүртүү 11-12-14-15 жашка чейин абстрактуу категориялар менен ойлоно баштаашат, сунуштарды бере алышат жана жыйынтык чыгара алышат, окуяларды талдашат, алардын келип чыгуусун божомолдошот, өзгөртүүлөрдү киргизе алышат. Ой жүгүртүүнүн жогорку деңгээли: 14-15 жаштан башталат, балдар эксперименттерди пландаштыра алышат, кээ бир божомолдорун сунуштаашат, ой жүгүртүү активдүүлүгүнүн бөлөк түрлөрүн колдонушат. Ушул учурда сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн калыптанышы жөнүндө айтса болот.

Мына ошентип, Жан Пиаже мектепке чейинки жаш куракттагы окуучулардын жана өспүрүмдөрдүн интелектуалдык өнүгүүсүнүн баскычтары (стадия) тууралуу ойлорду бекемдеген. Ал тараптан мектепке чейинки жаш куракттагы баланын ой-жүгүртүүсүнөн өспүрүмдүн ой-жүгүртүүсүнө өтүү боюнча эксперименттик иликтөө жүргүзүлгөн, формалдуу операция өтүүгө мүнөздөмө берилген (генетикалык эпистемиологиянын жалпы концепциясы түзүлгөн [5]. Э.Мамбетакунов, Т.Сияев адамдын өнүгүүсү тууралуу мындай деп жазышат: «Адамдын өнүгүүсү – абдан татаал, узак жана карама-каршылыктарга бай процесс. Адамдын организми дайыма өзгөрүүгө болот, бирок айрыкча жаш куракттык мезгилде физиологиялык жактан тез өнүгүп, анын негизинде ички дүйнөсү абдан тез өзгөрүүгө учурап турат. Жаш курактык педагогикада белгилүү болгондой инсандын тигил же бул касиетин, мүнөзүн калыптандыруунун эң ыңгайлуусу өнүгүү мезгилдери болот. Ошондуктан, ар бир педагог индивиддин инсанга айлануу процессин толугу менен өздөштүрүп, тигил же бул касиеттердин калыптануусунун ыңгайлуу мезгилдерин даана билиши зарыл. Мектеп окуучуларынын өнүгүү мезгилдерин үч бөлүккө бөлүүгө болот: кенже мектептик курак, өткөөл (орто мектептик) курак жана өспүрүм (жогорку мектептик) курак» [6].

Биздин изилдөөбүздүн контекстинде жеткинчек (жогорку мектептик) куракттын өзгөчөлүктөрү маанилүү. Биз белгилүү советтик педагог В.А. Сухомлинскийдин [7] өспүрүм куракттагы карама-каршылыктарды изилдөөсүнө токтолуп, ушул куракттагы алардын саны абдан көп болгонун аныктай алдык.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Педагогикалык булактар жана адабияттарда курактык мезгилге бөлүштүрүү – бул маанилүү экендиги белгиленет. Эгерде ар бир куракта окуучу таанып билүү кубанычын сезбесе, окуу билгичтигине ээ болбосо, дос болууга үйрөнбөсө, өзүнүн жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ишенимдүүлүк жок болсо, анда кийин ага ушунун баарын жасоого татаалыраак болот жана бийик руханий жана физикалык күчтү талап кылат.

Өспүрүм курактагы окуучулардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болуп:

- окуп-үйрөнүүнүн мотиви калыптанышы, кызыгуунун туруктуу таанып билүүчүлүк муктаждыгынын өнүгүшү;
- окуу ишмердүүлүгүнүн көндүмдөрүнүн жана продуктивдүү ыкмаларынын өнүгүшү;
- жекече өзгөчөлүктөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн ачылышы; социалдык нормалардын жана нравалык өнүгүүнү өздөштүрүүсү;
- курдаштар менен сүйлөшүү көндүмдөрүнүн өнүгүүсү эсептелинет.

Ар бир окуучунун ушул баскычта ишке ашырган жетишкендиктери маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Педагогика / Под ред. Ю.К. Бабанского. - М.: Педагогика, 1983. - 387 с.
2. Коменский Я.А. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 2т. / Я.А. Коменский. - М.: Педагогика, 1982. - Т. 1. - 656 с. - Т. 2. - 576 с.
3. Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы [Текст] Жумалиева Ж.М. - Б.: 2002 ж. 162 б.
4. Руссо Ж.Ж. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 2 т. / Ж.Ж. Руссо. - М.: Педагогика, 1981. - Т. 3. 665 с. - Т. 2. - 576 с.
5. Эсенгулова М.«Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү үчүн окуу, жазуу» программасынын хрестоматиясы. [Текст] / Эсенгулова М., Асекова Ж.– Б., 2004. - 189-б.
6. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери [Текст] Э.Мамбетакунов, Т.Сияев. - Б.: Элпек, 2008.
7. Сухомлинский В.А. Рождение гражданина. - М., 1979 Т.1. - С. 271.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Нусубалиева Е.Ш.**

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.